ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

# КОЖОКМАТОВ САТЫНДЫНЫ ЭСКЕРҮҮ

**Кулиев С.К.**
*Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген врачы*

Мен биринчи жолу Кожокматов деген фамилияны 1966 жылы ЦИТО нун Москвадан чыккан бир эмгегин окуп жатып кезиктирдим. Сүлүктү шаарындагы ооруканада травматолог болуп иштейт экен. Травматологиялык жарылоо проблемаларын жазыптыр. Мен таң калдым, бул кандай киши болду экен, мындай кыргыз жигиттер Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарында жок эле болчу. Анан 1970 жылы Ош шаарында илимий-практикалык конференция болуп, биз Фрунзеден доклад менен бардык. Ошондо Сатынды Кожокматовичти көрдүм, бою узун, салабаттуу, өзүнө жарашыктуу кийинген киши экен. Трибунага чыкканда биринчи конференцияны алып баруучу кишиге, анан президиумда олтургандарга жана залда олтургандарга ийилип салам берип докладын баштады. Биз болсо шыр эле докладга кирип кетчүбүз. Ошондо ушул кишинин маданияттуулугун сездим.

Экинчи жолу Сатынды Кожокматовду 1975 жылы Фрунзедеги биздин коллективге келгенден кийин көрүп жакшылап тааныштым. Ал адегенде Республикалык клиникалык ооруканага жөнөкөй эле врач болуп келип, халатынын жеңин чыканагына чейин түрүп алып (профессор болгондо да жаштарга айтып калуучу эле: "Халатыңардын жеңин чыканакка чейин түрүп иштегиле" деп) операцияларды, гипс таңмаларды өз колу менен жасап элге таанылган. Бир жолу дежур врачтын жоктугунан бир жумадан ашык үйүнө барбай калганын айтып калуучу. Ошентип бөлүм башчылыгына, ассистентке, доцентке чейин эмгеги менен жетти.

Сатынды Кожокматовичтин адамга жагарлык жактары көп эле, өзүнөн кичүүлөрдү да "сиз" деп сүйлөөр эле, кишинин ичи-сыртын жакшы баамдап койчу, бардык адамдарга бирдей мамиле жасоочу. Ошондуктан элдин чоң сыйында жүрчү.

Мен 1975-80 жылдары бүткүл союздук травматолог-ортопеддердин мүчөсү болуп жүргөн кезде Сатынды Кожокматович менен СССРдин көп шаарларында илимий конференцияларда чогуу жүрдүк. Бир жолу Куйбышев шаарында конференциядан кийин ресторанда олтурсак бир орус жигит келип, "Кожокматов ким?" деп сурап калды. Анан Кожокматов "мен" деп жооп берди. Экөөбүздү "жүрүңүздөр" деп үйүнө алып кетти. Ал жигит Куйбышев шаарынын бир районунда санэпидстанциянын башкы врачы экен, Сатынды Кожокматовичтин күйөө баласы экен. Себеби, Сатынды Кожокматович Сүлүктү шаарында иштеп жүргөндө Россиядан жаңы бүтүп келген жаш орус кызды үйүнө тургузуп, калкалап алышкан экен. Сатынды Кожокматович аны карындашым деп койчу. Эки күн коноктоп, шаарды көрсөтүп, анан самолетко олтургузуп учуруп жиберишти.

Анан бир жолу Сатынды Кожокматович экөөбүз Минск шаарында бүткүл Россиялык съездинде түшкү тыныгууда ары бери басып жүрсөк бир жерге Орто Азиянын окумуштуулары топтолуп калыптыр: Макажанов, Хабижанов, Сегизбаев, Шаматов, Абдулгапаров, Шакиров жана башкалар. Анан профессор Макажанов бизге кайрылып "силер кайдан болосуңар?" деп сурады. Биз Фрунзеден экенибизди айттык. Анда ал " Силердин өзүңөрдөн чыккан профессоруңар жок, башка жактан келгендер бири келип, бири кете берет, ошондуктан куржунду көтөрүп үйдөн чыгып кетиш керек окууга, антпесеңер болбойт" деп айтты. Сатынды Кожокматович экөөбүз бири-бирибизди карап эмне дээрибизди билбей калдык. Ошондуктан болсо керек, Сатынды Кожокматович терең ойго батып, акырында травматология жана ортопедия боюнча кыргыз улутунан чыккан биринчи илимдин доктору жана профессору болду, илимдин докторлорун , кандидаттарын чыгарды.Дагы көп нерселерди жасамак, айла жок экен, арабыздан каардуу ажал алып кетти.

Жаткан жери жайлуу болсун, топурагы торко болсун!